**ОшМУнун социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кезектеги жыйынынын №9 протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

2023-жылдын, 10-апрели
Төрайымы - Р. А. Ысмаилова
Катчы - Т. Ө. Кыдырова
Катышкандар: 21
Келбегени: 1

**КҮН ТАРТИБИ:**

**3.** 2023-жылдын 31-мартындагы №7 жыйынынын чечими менен кабыл алынган ОшМУнун миссиясын кароо жана талкуулоо.

**3. Угулду:**

Кафедра башчысы, ф.и.к., доц. Р. А. Ысмаилова, 2023-жылдын 31-мартындагы №7 жыйынынын чечими менен кабыл алынган ОшМУнун миссиясынын ар бир подпункттунун маанисин жана ал подпункттардагы берилген максаттардын аткарылуусу үчүн СГД кафедрасынын профессордук окутуучулук курамы кошо турган салымын айтуу менен кафедранын жалпы жамаатынан ой-пикирлерин айтуусун сунуштады.

**Сөзгө чыкты:**

ф.и.к., доц. Г. Орунбаева: кафедранын жалпы окутуучулары миссиянын негизинде адамзаттык баалуулуктарга ээ болгон жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуучу заманбап адистерди даярдоодо өзүнүн интеллектуалдык потенциалын, өндүрүштө жана кесиптик ишмердүүлүктө, илимде жүзөгө ашыра ала турган жогорку профессионалдык кадрларды даярдоого аракет кылып келе жатышат. Ошону менен катар Миссиянын аткарылуусуна кафедранын ар бир окутуучусу өз салымын кошуусу зарыл экендигин баса белгиледи.

**Сөзгө чыкты:**

Улук окутуучу А. Маматова: “Стратегиялык максат – Дүйнөнүн алдыңкы ТОП-700 изилдөөчү университеттеринин катарына кирүү. ОшМУнун Борбор Азиядагы эң алдыңкы 3 университеттердин бирине айландыруу”деген подпункттар университетте билим алып жаткан студенттерге чоң мүмкүнчүлүк жаратаарын кошумчалады.

**Сөзгө чыкты:**

Улук окутуучу Р. Дыйканбаева өз сөзүндө “компетентүүлүк мамиле менен заманбап билим берүү процессинде сапаттын кепилдигин камсыздоо; билим берүүнүн, илимдин жана маданияттын дүйнөлүк мейкиндигинде интеграциялануу” деген подпункттар максатка ылайыктуу экендигин, ал максаттарды ишке ашырууда ар бир окутуучунун, студенттин салымы болуусу абзелдигин баса белгилөө менен миссиянын бардык подпункттары толук аткарылуусуна салым кошууга чакырык жасап өттү.

Ушундай эле ой-пикирлерин кафедранын жалпы жамааты да билдирип өтүштү.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып жана окутуучулардын ой-пикир, сунуштарын эске алуу менен кафедранын кезектеги жыйыны төмөнкүдөй

**токтом кылат:**

**1.** 2023-жылдын 31-мартындагы №7 жыйынынын чечими менен кабыл алынган ОшМУнун миссиясын кафедранын профессордук окутуучулук курамы студенттерге тааныштырсын жана ар бир окуу кааналарынын корунуктуу жерлерине илинип коюлсун.
**2.** ОшМУнун миссиясынын аткарылуусуна кафедранын ар бир окутуучусу өз салымын кошсун.

Кафедра башчы: Р. А. Ысмаилова.

Катчы: Т. Ө.Кыдырова